# АУДИТТИН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 500

# АУДИТОРДУК ДАЛИЛДЕР

(2009-жылдын 15-декабрынан тартып же андан кийинки мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| **Киришүү** | 1-2 |
| Күчүнө кирүү күнү | 3 |
| **Максаты** | 4 |
| **Аныктамалар** | 5 |
| **Талаптар** | |
| Жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдер | 6 |
| Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтар | 7-9 |
| Аудитордук далилдерди алуу үчүн тестирлөөгө пункттарды тандоо | 10 |
| Аудитордук далилдердеги дал келбестик же анын ишенимдүүлүгүнө шектенүү | 11 |
| **Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар** | |
| Жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдер | A1–A25 |
| Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтар | A26–A52 |
| Аудитордук далилдерди алуу үчүн тестирлөөгө пункттарды тандоо | A53–A57 |
| Аудитордук далилдердеги дал келбестик же анын ишенимдүүлүгүнө шектенүү | A58 |


Аудиттин эл аралык стандарттары (АЭС) 500 “*Аудитордук далилдер”* АЭС 200 *“Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудитти жүргүзүү”* менен бирге окулуусу керек.

# Киришүү

## Бул АЭСтин колдонуу чөйрөсү

1. Бул Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) финансылык отчеттуулуктун аудитинде аудитордук далилдерди эмнелер түзөрүн түшүндүрөт, жана аудитордун корутундусун негиздөө үчүн негиздүү тыянактарды чыгарууга жетиштүү, ылайыктуу аудитордук далилдерди алуу үчүн аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу жана аткаруу боюнча аудитордун жоопкерчилигин карайт.

2. Бул АЭС аудиттин жүрүшүндө алынган бардык аудитордук далилдер үчүн колдонулат. АЭСтер аудиттин конкреттүү аспектилери менен алектенет, (мисалы АЭС 315 (кайра каралган[1]), белгилүү бир тема боюнча аудитордук далилдерди алуу (мисалы, АЭС 570 (кайра каралган)[2]), аудитордук далилдерди алуу үчүн атайын жол-жоболор (мисалы, АЭС 520[3]), жана жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдердин алынган-алынбаганын баалоо (АЭС 200[4] жана АЭС 330[5]).

## Күчүнө кирүү күнү

3. Бул АЭС 2009-жылдын 15-декабрынан тартып же бул күндөн кийин башталган мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудитине карата күчүнө кирет.

# Максаты

4. Аудитордун максаты – аудитордун корутундусун негиздөө үчүн негиздүү тыянактарды чыгарууга жетиштүү, ылайыктуу аудитордук далилдерди алууга мүмкүндүк бере тургандай аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу жана аткаруу.

# Аныктамалар

5. АЭСтин максаттары үчүн, төмөндөгү терминдер анда келтирилген мааниге ээ:

   (a) Бухгалтердик эсептин маалыматтары – бухгалтердик жазуулардын жана аларды ырастаган маалыматтардын жыйындысы, анын ичинде чектер жана накталай эмес электрондук төлөмдөр жөнүндө маалыматтар; келишимдер, негизги регистрлер, көмөкчү

ISA

---

1 АЭС 315 (кайра каралган) «*Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө аркылуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо*»

2 АЭС 570 (кайра каралган) «*Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү*»

3 АЭС 520 «*Талдоо жол-жоболору*»

4 АЭС 200 «*Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары* жана *Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүзүү*»

5 АЭС 330 «Бааланган тобокелдиктерге жооп иретиндеги аудитордук жол-жоболор»

ведомосттор, бухгалтердик жазуулар жана бухгалтердик регистрлерде чагылдырылбаган финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн ар кандай оңдоп-түзөтүүлөр, ошондой эле чыгымдарды бөлүштүрүүнү ырастаган иштелип чыгуучу жана жыйынды таблицалардын маалыматтары, эсептер, маалыматты текшерип салыштыруу жана маалыматтарды ачып көрсөтүү.

(b) Аудитордук далилдердин ылайыктуулугу – Аудитордук далилдердин, башкача айтканда алардын аудитордук пикирге негизделген тыянактарды ырастоо үчүн жөндүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн сапаттык баасы.

(c) Аудитордук далилдер – аудитордук пикирге негизделген тыянактарды чыгарууда аудитор колдонуучу маалымат. Аудитордук далилдер финансылык отчеттуулук негизделген бухгалтердик эсептин маалыматтарында камтылган маалыматты, ошондой эле башка маалыматты камтыйт.

(d) Жетекчиликтин эксперти – бухгалтердик эсептен же аудиттен айырмаланган белгилүү бир тармакта билими жана тажрыйбасы бар, бул тармактагы ишинин тажрыйбасы финансылык отчеттуулукту даярдоодо ишкана тарабынан пайдаланылып жаткан жеке жак же уюм.

(e) Аудитордук далилдердин жетиштүүлүгү – аудитордук далилдердин сандык баасы. Зарыл аудитордук далилдердин саны олуттуу бурмалоолордун тобокелдиктерин аудитордун баалашына, ошондой эле ушундай аудитордук далилдердин сапатына байланыштуу.

## Талаптар

### Жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдер

6. Аудитор жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу максатында жагдайларга ылайыктуу аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгууга жана аткарууга тийиш (A1–A25-пункттарды караңыз).

### Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтар

7. Аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгууда жана аткарууда аудитор аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтын жөндүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн эске алышы керек. (A26–A34-пункттарды караңыз)

8. Жетекчиликтин экспертинин ишинин жардамы менен даярдалган маалымат аудитордук далилдер катары колдонула турган болсо, аудитор, аудитордун максаттары үчүн ошол эксперттин ишинин маанисин тийиштүү түрдө эске алуусу керек: (A35–A37-пункттарды караңыз)

(a) Ошол эксперттин компетенттүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн жана объективдүүлүгүн баалоо; (А38–А44-пункттарды караңыз)

(b) Ошол эксперттин иши жөнүндө түшүнүк алуу; жана (А45–А48-пункттарды караңыз)

(c) Тиешелүү ырастоо үчүн аудитордук далилдер катары эксперттин ишинин ылайыктуулугун баалоо. (А49-пунктту караңыз)

9. Ишкана тарабынан даярдалган маалыматты пайдаланууда аудитор маалыматтын аудитордун максаттары үчүн жетиштүү ишенимдүүлүгүнө баа берүүгө тийиш, анын ичинде төмөнкү жагдайларда зарыл:

(a) Маалыматтардын тактыгына жана толуктугуна аудитордук далилдерди алуу; жана (А50–А51-пункттарды караңыз)

(b) Маалыматтын аудитордун максаттары үчүн так жана толук экендигине баа берүү (А52-пунктту караңыз)

**Аудитордук далилдерди алуу үчүн тестирлөөгө пункттарды тандоо**

10. Контролдук тесттерди жана деталдардын тесттерин иштеп чыгууда аудитор аудитордук жол-жоболордун максатына жооп берген тестирлөө үчүн пункттарды тандоонун каражаттарын аныктоого тийиш (А53–А57-пункттарды караңыз)

**Аудитордук далилдердеги дал келбестик же анын ишенимдүүлүгүнө шектенүү**

11. Эгерде:

(a) бир булактан алынган аудитордук далилдер башкасынан алынганга дал келбесе; же

(b) аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтын ишенимдүүлүгүнө аудитор күмөн санаса,

аудитор бул маселени чечүү үчүн аудитордук жол-жоболорго кандай өзгөртүүлөр же толуктоолор зарыл экендигин аныкташы керек, жана эгерде андайлар бар болсо, аудиттин башка аспектилерине маселенин таасирин карап чыгышы керек. (А58-пунктту караңыз)

***

# Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

**Жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдер** (6-пунктту кара)

А1. Аудитордук далилдер аудитордун пикирин жана отчетун колдоо үчүн зарыл. Алар кумулятивдүү мүнөзгө ээ жана негизинен аудит учурунда

аткарылган аудитордук жол-жоболордун натыйжасында алынат. Бирок ал башка булактардан алынган маалыматты да камтышы мүмкүн, мисалы, мурунку аудиттерден (эгерде аудитор мурунку аудиттен кийин анын учурдагы аудитке тиешелүүлүгүнө таасирин тийгизе турган өзгөрүүлөр болгон-болбогондугун аныктаган шартта[6]) же аудитордук уюмдун кардарды кабыл алуу жана улантуу боюнча сапатты көзөмөлдөө жол-жоболорунан алынган. Ишкананын ичиндеги жана тышындагы башка булактардан тышкары, ишканадагы бухгалтердик эсептин маалыматтары аудитордук далилдердин маанилүү булагы болуп саналат. Мындан тышкары, аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтар жетекчиликтин экспертинин ишинин негизинде даярдалган болушу да мүмкүн. Аудитордук далилдер жетекчиликтин ырастоолорун бекемдеген жана колдогон маалыматты да, ошол ырастоолорго карама-каршы келген маалыматты да камтыйт. Мындан тышкары, кээ бир учурларда маалыматтын жетишсиздиги (мисалы, жетекчиликтин суралган сунуштаманы берүүдөн баш тартуусу) аудитор тарабынан колдонулат жана ошондуктан бул да аудитордук далилдер болуп саналат.

A2. Аудитордун корутундусун түзүүдөгү аудитордун ишинин көбү аудитордук далилдерди алуу жана баалоодон турат. Аудитордук далилдерди алуу үчүн аудитордук жол-жоболор суроо-талаптан тышкары, көбүнчө айрым айкалыштарда инспекциялоону, байкоону, тастыктоону, кайра эсептөөнү, кайра аткарууну жана аналитикалык жол-жоболорду камтышы мүмкүн. Суроо-талап маанилүү аудитордук далилдерди бере алат, жана атүгүл бурмалоолордун далилдерине алып келиши мүмкүн болсо да, суроо-талаптын өзү, адатта, ырастоолордун деңгээлинде же контролдун натыйжалуулугунда олуттуу бурмалоо жок экендигине жетиштүү аудитордук далилдерди бербейт.

A3. АЭС 200дө[7] түшүндүрүлгөндөй, аудитор аудитордук тобокелдикти (б.а., эгерде финансылык отчеттуулук олуттуу бурмаланган болсо, аудитор туура эмес корутундусун билдирүү тобокелдигин) алгылыктуу төмөн деңгээлге чейин төмөндөтүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алганда, акылга сыярлык ишенимге жетишилет.

A4. Аудитордук далилдердин жетиштүүлүгү жана ылайыктуулугу өз ара байланышта. Жетиштүүлүк – аудитордук далилдердин сандык баасы. Талап кылынган аудитордук далилдердин көлөмүнө аудитордун бурмалоо тобокелдиктерин баалоосу (бааланган тобокелдиктер канчалык жогору болсо, аудитордук далилдер ошончолук көп талап кылынат) жана мындай аудитордук далилдердин сапаты (сапаты канчалык жогору болсо, ошончолук азыраак талап кылынат) таасир этет. Аудитордук далилдерди көбүрөөк алуу анын сапатсыздыгынын ордун толтура албайт.

[6] АЭС 315 (Кайра каралган), 9-пункт

[7] АЭС 200, 5-пункт

A5. Аудитордук далилдердин, башкача айтканда алардын аудитордук пикирге негизделген тыянактарды ырастоо үчүн жөндүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн сапаттык баасы. Далилдердин ишенимдүүлүгүнө анын булагы жана табияты таасир этет, жана ал алынган жеке жагдайларга көз каранды.

A6. АЭС 330 аудитордон жетиштүү аудитордук далилдер алынганбы же жокпу деген тыянак чыгарууну талап кылат[8]. Аудитордук тобокелдикти алгылыктуу түрдө төмөн деңгээлге чейин төмөндөтүү жана ошону менен аудитордун корутундусун негиздөө үчүн негиздүү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берүү үчүн жетиштүү, ылайыктуу аудитордук далилдерди алуу кесипкөй ой жүгүртүүнүн маселеси. АЭС 200 аудитордук жол-жоболордун мүнөзү, финансылык отчеттуулуктун өз убагында берилиши жана пайдалар менен чыгашалардын ортосундагы теӊ салмактуулук сыяктуу маселелерди талкуулайт, алар жетиштүү тиешелүү аудитордук далилдердин алынган-алынбаганы жөнүндө аудитордун кесипкөй ой жүгүртүүсүндөгү маанилүү факторлор болуп саналат.

*Аудитордук далилдердин булактары*

A7. Кээ бир аудитордук далилдер бухгалтердик эсептин маалыматтарын текшерүү үчүн аудитордук жол-жоболорду жүргүзүү жолу менен алынат, мисалы, талдоо жана карап чыгуу, финансылык отчеттуулукту түзүүдө колдонулган жол-жоболорду кайталоо, ошондой эле ошол эле маалыматтын тиешелүү түрлөрүн жана тиркемелерин салыштыруу. Мындай аудитордук жол-жоболорду аткарууда бухгалтердик эсептин маалыматтарынын ички шайкештигин жана финансылык отчеттуулукка шайкеш келээрин аныктай алат.

A8. Көбүрөөк ишенимдүүлүк, адатта, жекече каралып алынган аудитордук далилдерге караганда ар кандай булактардан алынган аудитордук далилдерден алынат. Мисалы, ишканадан көз карандысыз болгон булактан алынган ырастоочу маалымат, аудитордун бухгалтердик эсептин маалыматтарында, чогулуштардын протоколдорунда же жетекчиликтин билдирүүлөрүндө болгон сыяктуу ички түрдө түзүлгөн аудитордук далилдерден алган ишенимин арттырышы мүмкүн.

A9. Аудитор аудитордук далилдер катары колдоно турган ишканадан көз карандысыз болгон булактардан алынган маалыматтар, үчүнчү жактардын ырастоолорун, талдоочулардын отчетторун жана атаандаштар жөнүндө салыштырылуучу маалыматтарды (салыштырма маалыматтар) камтышы мүмкүн.

*Аудитордук далилдерди алуу үчүн аудиттин жол-жоболору*

A10. АЭС 315 (кайра каралган) жана АЭС 330 тарабынан талап кылынгандай жана андан ары түшүндүрүлгөндөй, аудитордун корутундусуна негиз

[8] АЭС 330, 26-пункт

ISA

болуучу тыянактарды чыгаруу үчүн аудитордук далилдер төмөнкүлөрдү аткаруу аркылуу алынат:

(a) Тобокелдиктерди баалоо жол-жоболору; жана

(b) Төмөнкүлөрдү камтыган кошумча аудит жол-жоболору:

(i) АЭС талап кылганда же аудитор ушундай кылууну чечкенде контролдоо каражаттарын карап чыгуу; жана

(ii) Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосу, анын ичинде деталдарды тестирлөө жана маани-маңызы боюнча талдоо жол-жоболору.

A11. Төмөндөгү A14-A25-пункттарда сүрөттөлгөн аудитордук жол-жоболор аудитор тарабынан колдонулган контекстке жараша тобокелдиктерди баалоо жол-жоболору, контролдук тесттер же маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосу катары колдонулушу мүмкүн. АЭС 330да түшүндүрүлгөндөй, мурунку аудиттерден алынган аудитордук далилдер, белгилүү бир жагдайларда, аудитор анын уланып жаткан жөндүүлүгүн аныктоо үчүн аудитордук жол-жоболорду аткарган учурда тиешелүү аудитордук далилдерди бере алат[9].

A12. Колдонула турган аудитордук жол-жоболордун мүнөзүнө жана мөөнөтүнө бухгалтердик эсептин айрым маалыматтары жана башка маалыматтар электрондук түрдө гана же белгилүү бир учурда же мезгилдерде гана жеткиликтүү болушу таасир этиши мүмкүн. Мисалы, салып алуу буйрутмалары жана счет-фактуралар сыяктуу баштапкы документтер ишкана электрондук коммерцияны колдонгондо электрондук түрдө гана болушу мүмкүн, же ишкана сактоо жана шилтеме жасоону жеңилдетүү үчүн сүрөттөө тутумдарын колдонгондо сканерден өткөргөндөн кийин жок кылынышы мүмкүн.

A13. Кээ бир электрондук маалымат белгилүү бир убакыттан кийин калыбына келтирилбей калышы мүмкүн, мисалы, файлдар өзгөртүлгөндө жана резервдик көчүрмөлөр жок болгондо. Демек, аудитор ишкананын маалыматтарды сактоо саясатынын натыйжасында аудитордун текшерүүсү үчүн кээ бир маалыматты сактоону талап кылууну же маалымат жеткиликтүү болгон учурда аудитордук жол-жоболорду аткарууну зарыл деп табышы мүмкүн.

Инспекциялоо

A14. Инспекциялоо – ички же тышкы, кагаз же электрондук түрдөгү, же башка алып жүрүүчүлөрдөгү жазууларды же документтерди текшерүүнү же активдин физикалык экспертизасын камтыйт. Иш кагаздарын жана документтерди инспекциялоо анын табиятына жана булагына жараша

[9] АЭС 330, A35-пункт

ишенимдүүлүктүн ар кандай деңгээлиндеги аудитордук далилдерин камсыз кылат, ал эми ички иш кагаздары жана документтер болгон учурда, алардын түзүлүшүнө контролдун натыйжалуулугуна көз каранды. Контролдоо каражаттарын тестирлөө катары колдонулган инспекциялоонун мисалы болуп, берилген уруксаттын далили үчүн жазууларды инспекциялоо эсептелет.

A15. Кээ бир документтер активдин, мисалы, акция же облигация сыяктуу каржылык инструмент болгон документтин бар экендигине түздөн-түз аудитордук далилдерди берет. Мындай документтерди инспекциялоо менчигинин же баалуулугунун аудитордук далилдерин камсыз кылбайт. Мындан тышкары, аткарылган келишимди текшерүү ишкананын кирешелерди таануу сыяктуу эсепке алуу саясатын колдонуусуна тиешелүү аудитордук далилдерди бере алат.

A16. Материалдык активдерди инспекциялоо алардын бар экендиги жөнүндө ишенимдүү аудитордук далилдерди бере алат, бирок, бул ишкананын укуктары жана милдеттери же активдерди баалоо жөнүндө милдеттүү түрдө эмес. Инвентаризациянын айрым объектилерин инспекциялоо инвентардык эсепке байкоо жүргүзүү менен коштолушу мүмкүн.

Байкоо жүргүзүү

A17. Байкоо жүргүзүү – бул башка адамдар тарабынан аткарылган процесске же жол-жобого байкоо жүргүзүү, мисалы, аудитордун ишканадагы кызматкерлердин инвентаризациялоосуна же контролдук иш-чаралардын аткарылышына байкоо жүргүзүүсү. Байкоо жүргүзүү процесстин же жол-жоболордун аткарылышынын аудитордук далилдерин камсыздайт, бирок байкоо жүргүзүлүп жаткан убакыттын ичи менен гана чектелет, жана байкоо жүргүзүү актысы процесстин же жол-жобонун аткарылышына таасир этиши мүмкүн. Запастарды баалоого байкоо жүргүзүү боюнча кошумча көрсөтмөлөрдү алуу үчүн АЭС 501ди караңыз[10].

Тышкы ырастоо

A18. Тышкы ырастоо – аудитор тарабынан үчүнчү тараптан (ырастоочу тараптан), кагаз түрүндө же электрондук же башка алып жүрүүчүнү пайдалануу менен тикелей жазуу жүзүндө жооп түрүндө алынган аудитордук далилдер. Тышкы ырастоо жол-жоболору көбүнчө эсептин конкреттүү калдыктарына жана алардын элементтерине байланыштуу ырастоолорду кароодо ылайыктуу. Бирок, тышкы ырастоолор эсептин калдыктары менен гана чектелбеши керек. Мисалы, аудитор ишкананын үчүнчү жактар менен түзүлгөн келишимдеринин же бүтүмдөрүнүн шарттарын ырастоону талап кыла алат; ырсатоо суроо-талабы келишимге кандайдыр бир өзгөртүүлөр болгон-болбогондугун суроо үчүн даярдалышы мүмкүн, жана эгер андай болсо тиешелүү деталдары кандай.

[10] АЭС 501 «Конкреттүү учурларда аудитордук далилдерди алуунун өзгөчөлүктөрү»

ISA

Тышкы ырастоо жол-жоболору ошондой эле белгилүү бир шарттардын жоктугу жөнүндө аудитордук далилдерди алуу үчүн колдонулат, мисалы, кирешени таанууга таасир этиши мүмкүн болгон “кошумча макулдашуунун” жоктугу. Кошумча жетекчилик үчүн АЭС 505ти караңыз[11].

Кайра эсептөө

A19. Кайра эсептөө документтердин же жазуулардын математикалык тууралыгын текшерүүдөн турат. Кайра эсептөө кол менен же электрондук түрдө жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кайталап аткаруу

A20. Кайталап аткаруу аудитор тарабынан алгач ишкананын ички контролдоо системасынын бир бөлүгү катары аткарылган жол-жоболорду же контролду көз карандысыз аткарууну камтыйт.

Талдоо жол-жоболору

A21. Талдоо жол-жоболору финансылык жана финансылык эмес маалыматтардын ортосундагы чындыкка окшогон мамилелерди талдоо аркылуу финансылык маалыматты баалоодон турат. Талдоо жол-жоболору ошондой эле башка тиешелүү маалыматтарга карама-каршы келген же күтүлгөн маанилерден олуттуу айырмаланган аныкталган термелүүлөрдү же мамилелерди зарыл болгон иликтөөнү камтыйт. Кошумча жетекчилик үчүн АЭС 520ны караңыз.

Суроо-талап

A22. Суроо-талап ишкананын ичинде же анын тышында финансылык жана финансылык эмес маселелерди билген адамдардан маалыматты издөөдөн турат. Башка аудитордук жол-жоболордон тышкары, суроо-талап аудиттин жүрүшүндө кеңири колдонулат. Суроо-талаптар расмий жазуу жүзүндөгү суроо-талаптардан расмий эмес оозеки суроо-талаптарга чейин болушу мүмкүн. Суроо-талаптарга алынган жоопторду баалоо иликтөө процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

A23. Суроо-талаптарга жооптор аудиторго мурда ээ болбогон маалыматты же ырастоочу аудитордук далилдерди бере алат. Же болбосо, жооптор аудитор алган башка маалыматтардан олуттуу айырмаланган маалыматты, мисалы, жетекчиликтин көзөмөлдү жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу маалыматты бериши мүмкүн. Кээ бир учурларда, суроо-талаптарга жооптор аудиторго кошумча аудитордук жол-жоболорду өзгөртүүгө же аткарууга негиз түзөт.

A24. Суроо-талап аркылуу алынган далилдерди тастыктоо көбүнчө өзгөчө мааниге ээ болсо да, жетекчиликтин ниети жөнүндө суроо-талаптар болгон

[11] АЭС 505 «*Тышкы ырастоолор*»

учурда, жетекчиликтин ниетин колдоо үчүн жеткиликтүү маалымат чектелүү болушу мүмкүн. Мындай учурларда, жетекчиликтин өзүнүн айтылган ниеттерин ишке ашыруунун өткөн тарыхын түшүнүү, жетекчиликтин белгилүү бир иш-аракет курсун тандоо үчүн айтылган себептерин жана жетекчиликтин конкреттүү иш-аракеттерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн түшүнүү суроо-талап аркылуу алынган далилдерди тастыктоо үчүн тиешелүү маалыматтарды бере алат.

A25. Кээ бир маселелер боюнча аудитор оозеки суроо-талаптарга жоопторду тастыктоо үчүн жетекчиликтен, жана зарыл болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алуу зарыл деп эсептеши мүмкүн. Кошумча жетекчилик үчүн АЭС 580ди караңыз[12].

**Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалымат**

*Жөндүүлүк жана ишенимдүүлүк* (7-пунктту караңыз)

A26. A1-пунктунда белгиленгендей, аудитордук далилдер негизинен аудиттин жүрүшүндө аткарылган аудитордук жол-жоболордон алынганы менен, ал башка булактардан алынган маалыматты да камтышы мүмкүн, мисалы, мурунку аудиттер, белгилүү бир жагдайларда аудитордук уюмдун сапатты көзөмөлдөө жол-жоболору кардарды кабыл алуу жана иштетүүнү улантуу жана мыйзам, ченемдик укуктук актылар же тиешелүү этикалык талаптар (мисалы, ишкананын мыйзамдарды жана жоболорду сактабаганына байланыштуу) талап кылынган айрым кошумча милдеттерди аткаруу. Бардык аудитордук далилдердин сапатына ал негизделген маалыматтын жөндүүлүгү жана ишенимдүүлүгү таасир этет.

Жөндүүлүк

A27. Жөндүүлүк – аудитордук жол-жобонун максаты менен логикалык байланышты же тиешелүү учурларда каралып жаткан ырастоону камтыйт. Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтын жөндүүлүгүнө тестирлөөнүн багыты таасир этиши мүмкүн. Мисалы, эгерде аудит жол-жобосунун максаты кредитордук карыздын бар экендигин же бааланышын текшерүү болсо, анда жазылган кредитордук карызды текшерүү аудиттин тиешелүү жол-жобосу болушу мүмкүн. Башка жагынан алганда, кредитордук карыздын бар-жоктугун же төмөн бааланышын текшерүүдө катталган кредитордук карызды текшерүү ылайыктуу эмес, бирок кийинки төлөмдөр, төлөнбөгөн эсеп-фактуралар, жеткирип берүүчүлөрдүн билдирүүлөрү жана дал келбеген квитанциялар сыяктуу маалыматтарды текшерүү туура болушу мүмкүн.

A28. Аудиттик жол-жоболордун конкреттүү жыйындысы белгилүү бир ырастоолор үчүн тиешелүү болгон аудитордук далилдерди бере алат, бирок башкалар эмес. Мисалы, мезгил аяктагандан кийин дебитордук

[12] АЭС 580 «*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*»

ISA

карызды өндүрүүгө байланыштуу документтерди инспекциялоо карыздын бар экендигин жана өлчөөнүн аудитордук далилдерин камсыздай алат, бирок сөзсүз түрдө кесүү эмес. Ошо сыяктуу эле, белгилүү бир ырастоо, мисалы запастардын бар экендиги боюнча аудитордук далилдерди алуу, башка ырастоо, мисалы, ошол запастарды баалоо боюнча аудитордук далилдерди алууну алмаштырбайт. Башка жагынан алганда, ар кандай булактардан алынган же ар башка мүнөздөгү аудитордук далилдер көбүнчө бир эле ырастоого байланыштуу болушу мүмкүн.

A29. Контролдук тесттер ырастоо деңгээлинде олуттуу бурмалоолорду болтурбоо, аныктоо жана оңдоодо операциялык контролдун натыйжалуулугун баалоо үчүн иштелип чыккан. Тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн контролдун тесттерин долбоорлоо контролдун натыйжалуулугун көрсөтүүчү шарттарды (мүнөздөмөлөрдү же белгилерди) жана тиешелүү натыйжалуулуктан четтөөлөрдү көрсөткөн четтөө шарттарын камтыйт. Бул шарттардын бар же жок экендигин аудитор текшериши мүмкүн.

A30. Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосу ырастоо деңгээлинде олуттуу бурмалоолорду аныктоо үчүн иштелип чыккан. Алар майда-чүйдөсүнө чейин сыноолорду жана олуттуу талдоо жол-жоболорун камтыйт. Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосун долбоорлоо тесттин максатына тиешелүү шарттарды аныктоону камтыйт, алар тиешелүү ырастоодо бурмалоолорду түзөт.

Ишенимдүүлүк

A31. Аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтын, демек, аудитордук далилдердин өзүнүн ишенимдүүлүгүнө анын булагы жана табияты, ошондой эле алар алынган жагдайлар, анын ичинде зарыл болгон учурда аны даярдоого жана жүргүзүүгө контроль таасир этет. Ошондуктан, аудитордук далилдердин ар кандай түрлөрүнүн ишенимдүүлүгү жөнүндө жалпылоо маанилүү дал келбегендиктерге ээ. Аудитордук далилдер катары колдонулган маалымат ишканадан тышкаркы булактардан алынган учурда да, анын ишенимдүүлүгүнө таасир эте турган жагдайлар болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде маалымат булагы жетиштүү билимге ээ болбосо, же жетекчиликтин экспертинде объективдүүлүк болбосо, көз карандысыз тышкы булактан алынган маалымат ишенимсиз болушу мүмкүн. Дал келбегендиктер болушу мүмкүн экендигин моюнга алуу менен, аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгү жөнүндө төмөнкү жалпылоолорду жасоого болот:

- аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгү алар ишканадан тышкары көз карандысыз булактардан алынганда жогорулайт;
- ишкананын ичинде түзүлгөн аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгү, эгерде ишкана тарабынан коюлган тиешелүү контроль, анын ичинде аны даярдоо жана колдоо боюнча контролдор натыйжалуу болгондо жогорулайт;

- түздөн-түз аудитор тарабынан алынган аудитордук далилдер (мисалы, контролдоо каражаттарынын колдонулушуна байкоо жүргүзүү) кыйыр түрдө же корутундулоо жолу менен алынган аудитордук далилдерге (мисалы, контролду колдонуу боюнча суроо-талап) караганда ишенимдүүрөөк;
- кагаз түрүндөгү, электрондук же башка алып жүрүүчүдөгү документтештирилген аудитордук далилдер оозеки түрдө алынган далилдерге караганда ишенимдүүрөөк (мисалы, талкууланган маселелердин кийинчерээк оозеки берилишине караганда жолугушуунун ошол эле учурда жазылган протоколу ишенимдүү);
- түпнуска документтер менен аудитордук далилдер ксерокөчүрмөлөр же факсимилдер же тасмага тартылган, санариптештирилген же башка жол менен электрондук түргө өзгөртүлгөн документтер менен берилген аудитордук далилдерге караганда ишенимдүүрөөк болот, алардын ишенимдүүлүгү аларды даярдоого жана жүргүзүүгө контролдук кылуудан көз каранды болушу мүмкүн.

A32. АЭС 520 талдоо жол-жоболорун маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосу катары иштеп чыгуу максатында колдонулган маалыматтардын ишенимдүүлүгү боюнча кошумча көрсөтмөлөрдү берет[13].

A33. АЭС 240 аудитордо документтин түпнуска эместигине же ал өзгөртүүлөр аудиторго ачыкталбастан өзгөртүлгөн болушу мүмкүн деп ишенүүгө негизи бар деген жагдайларды карайт[14].

A34. АЭС 250 (кайра каралган)[15] ишкананын аныкталган же күмөндөлгөн мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды сактабагандыгы боюнча, аудиторго мыйзамдарга, ченемдик укуктук актыларга же тиешелүү этикалык талаптарга ылайык кандайдыр бир кошумча милдеттерди аткаруу үчүн кошумча көрсөтмөлөрдү берет, алар АЭСке ылайык аудитордун ишине тиешелүү кошумча маалыматты бере алышат жана аудиттин башка аспектилерине карата мындай сактабагандыктын кесепеттерин баалай алышат.

*Жетекчиликтин эксперти чыгарган маалыматтын ишенимдүүлүгү* (8-пункт)

A35. Ишкананын финансылык отчетун даярдоо актуардык эсептөөлөр, баалоо же инженердик маалыматтар сыяктуу бухгалтердик эсеп же аудиттен башка чөйрөдө тажрыйбаны талап кылышы мүмкүн. Финансылык

---

13 АЭС 520, 5(а)-пункт

14 АЭС 240 «*Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө ак ниетсиз аракеттерге карата аудитордун милдеттери*», 14-пункт

15 АЭС 250 (кайра каралган) «*Финансылык отчеттуулуктун аудитинде мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды эске алуу*», 9-пункт.

отчеттуулукту даярдоо үчүн зарыл болгон экспертизаны алуу үчүн бул ишкана бул тармактардагы эксперттерди жалдай же тарта алат. Мындай экспертиза зарыл болгон учурда муну аткарбоо олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин жогорулатат.

A36. Эгерде аудитордук далилдер катары колдонула турган маалымат жетекчиликтин экспертинин ишинин жардамы менен даярдалса, анда ушул АЭСтин 8-пунктундагы талап колдонулат. Мисалы, жеке адам же ишкана, байкоо жүргүзүү үчүн рыногу жок баалуу кагаздардын адилет наркын баалоо үчүн моделдерди колдонуу тажрыйбасына ээ болушу мүмкүн. Эгерде жеке жак же ишкана өзүнүн финансылык отчеттулугун даярдоодо колдонгон баалоону түзүүдө ошол тажрыйбаны колдонсо, жеке жак же ишкана жетекчиликтин эксперти болуп саналат жана 8-пункт колдонулат. Эгерде экинчи жагынан, бул жеке жак же ишкана жеке операцияларга тиешелүү баа маалыматтарын жөн гана сунуштаса, алар мекеме үчүн башка жол менен жеткиликтүү эмес болуп, аны ишкана өзүнүн балоосунда колдонсо, мындай маалымат аудитордук далилдер катары колдонулганда, ушул АЭСтин 7-пунктуна ылайык келтирилет, бирок бул мекемеде жетекчиликтин экспертин колдонуу болуп саналбайт.

A37. Ушул АЭСтин 8-пунктундагы талапка байланыштуу аудитордук жол-жоболордун мүнөзүнө, мөөнөтүнө жана көлөмүнө төмөндөгүдөй маселелер таасир этиши мүмкүн:

- жетекчиликтин эксперти тиешелүү болгон маселенин мүнөзү жана татаалдыгы;
- маселедеги олуттуу бурмалоолордун тобокелдиктери;
- аудитордук далилдердин альтернативдүү булактарынын жеткиликтүүлүгү;
- жетекчиликтин экспертинин ишинин мүнөзү, көлөмү жана максаттары;
- жетекчиликтин эксперти мекемеде иштейби же тиешелүү кызматтарды көрсөтүү үчүн ал тарабынан тартылган тараппы;
- жетекчилик канчалык деңгээлде жетекчиликтин экспертинин ишине контролдукту жүзөгө ашыра алат же ага таасир эте алат;
- жетекчиликтин эксперти өндүрүмдүүлүктүн техникалык стандарттарына же башка кесиптик же тармактык талаптарга баш ийеби;
- жетекчиликтин экспертинин ишине ишкананын ичиндеги ар кандай көзөмөлдүн мүнөзү жана көлөмү;
- жетекчиликтин экспертинин иштөө тармагы боюнча аудитордун билими жана тажрыйбасы;

- ошол эксперттин иши боюнча аудитордун мурдагы тажрыйбасы.

Жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгү, жөндөмдүүлүгү жана объективдүүлүгү (8 (а) пункту).

A38. Компетенттүүлүк жетекчиликтин экспертинин иш тажрыйбасынын мүнөзүн жана деңгээлин билдирет. Жөндөмдүүлүк жетекчиликтин экспертинин бул компетенттүүлүктүн белгилүү бир жагдайда ишке ашыруу жөндөмүн билдирет. Мүмкүнчүлүккө таасир этүүчү факторлор, мисалы, географиялык жайгашуунун, убакыттын жана ресурстардын болушун камтышы мүмкүн. Объективдүүлүк бир тараптуулук, кызыкчылыктардын кагылышуусу же башкалардын таасири жетекчиликтин экспертинин кесипкөй же иштиктүү ой жүгүртүүсүнө тийгизиши мүмкүн болгон таасирлерге тиешелүү. Жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгү, жөндөмдүүлүгү жана объективдүүлүгү, ошондой эле ишкананын ичиндеги ал эксперттин ишине контролдук кылуу, жетекчиликтин эксперти тарабынан берилген ар кандай маалыматтын ишенимдүүлүгүнө карата маанилүү факторлор болуп саналат.

A39. Жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгү, жөндөмдүүлүгү жана объективдүүлүгү жөнүндөгү маалымат ар кандай булактардан алынышы мүмкүн:

- ошол эксперттин мурунку иши боюнча жеке тажрыйбасы;
- ошол эксперт менен болгон талкуулар;
- ошол эксперттин иши менен тааныш болгон башка адамдар менен талкуулар;
- кесиптик уюмга же тармактык ассоциацияга мүчөлүк, иш жүргүзүүгө лицензия же сырттан таануунун башка формалары сыяктуу ушул эксперттин квалификациясын билүү;
- ошол эксперт тарабынан жазылган, басып чыгарылган макалалар жана китептер;
- эгерде андай бар болсо, аудиторго жетекчиликтин эксперти тарабынан чыгарылган маалыматтар боюнча жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алууга жардам берген аудитордун эксперти.

A40. Жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгүн, жөндөмдүүлүктөрүн жана объективдүүлүгүн баалоого тиешелүү маселелерге ошол эксперттин иши техникалык натыйжалуулук стандарттарына, башка профессионалдык же тармактык талаптарга, мисалы, этикалык стандарттарга жана кесиптик органга же тармактык бирикмеге мүчөлүктүн башка талаптарына, лицензиялоочу органдын аккредитациялык стандарттарына, мыйзам же ченемдик укуктук актылар тарабынан коюлган талаптарга ылайык келер-келбесин камтыйт.

ISA

A41. Маанилүү болушу мүмкүн болгон башка маселелерге төмөнкүлөр кирет:

- Жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгүнүн анын иши колдонула турган маселеге, анын ичинде ошол эксперттин тармактарындагы адистиктин бардык багыттарына ылайыктуулугу. Мисалы, белгилүү бир актуарий мүлктү камсыздандыруу жана кырсыктардан камсыздандыруу боюнча адистешкен, бирок, пенсияларды эсептөөдө тажрыйбасы чектелген болушу мүмкүн.
- Тиешелүү бухгалтердик эсептин талаптары боюнча жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгү, мисалы, болжолдоолорду жана методдорду, анын ичинде, колдонууга ылайыктуу болсо, Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына шайкеш келген моделдерди билүүсү.
- Күтүлбөгөн окуялар, шарттардын өзгөрүшү же аудитордук жол-жоболордон алынган аудитордук далилдер аудит учурунда жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө жана объективдүүлүгүнө баштапкы баа берүүнү кайра баалоо зарыл болушу мүмкүн экендигин көрсөттүбү?

A42. Жагдайлардын кеңири спектри объективдүүлүктү коркунучка алып келиши мүмкүн, мисалы, жеке кызыкчылыкка коркунуч, коргонуу коркунучу, тааныштык коркунучу, өзүн-өзү баалоо коркунучу жана коркутуу коркунучу. Коргоо чаралары мындай коркунучтарды жумшартышы мүмкүн жана тышкы структуралар (жетекчиликтин экспертинин кесиби, мыйзамдар же ченемдик укуктук актылар) же жетекчиликтин экспертинин иш чөйрөсү (мисалы, сапатты көзөмөлдөө саясаты жана жол-жоболору) тарабынан түзүлүшү мүмкүн.

A43. Коргоо чаралары жетекчиликтин экспертинин объективдүүлүгүнө карата бардык коркунучтарды жок кыла албаса да, коркутуу коркунучу сыяктуу коркунучтар ишкана тарабынан жумушка кабыл алынган экспертке караганда ишкана тарабынан жумушка тартылган эксперт үчүн анча маанилүү эмес болушу мүмкүн, жана сапатты көзөмөлдөө саясаты жана жол-жоболору сыяктуу коргоо чараларынын натыйжалуулугу жогорураак болушу мүмкүн. Ишкананын кызматкери болуу менен түзүлгөн объективдүүлүккө коркунуч ар дайым болуп тургандыктан, ишкана тарабынан жалданган эксперт, адатта, ишкананын башка кызматкерлерине караганда объективдүүрөөк болушу мүмкүн деп эсептелбейт.

A44. Ишкана тарабынан жалданган эксперттин объективдүүлүгүн баалоодо жетекчилик жана ошол эксперт менен эксперттин объективдүүлүгүнө коркуноч туудурган ар кандай кызыкчылыктарды жана мамилелерди, ошондой эле тиешелүү кепилдиктерди, анын ичинде экспертке карата колдонулуучу ар кандай кесиптик талаптарды талкуулоо жана сактык чараларынын адекваттуу экендигине баа берүү максатка ылайыктуу

болушу мүмкүн. Коркунучтарды жараткан кызыкчылыктар жана мамилелер төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- финансылык кызыкчылыктар;
- ишкердик жана жеке мамилелер;
- башка кызматтарды көрсөтүү.

Жетекчиликтин экспертинин иши жөнүндө түшүнүк алуу. (8(b)-пунктту караңыз)

A45. Жетекчиликтин экспертинин ишин түшүнүү тиешелүү экспертиза чөйрөсүн түшүнүүнү камтыйт. Тиешелүү экспертиза чөйрөсүн түшүнүү аудитор жетекчиликтин экспертинин ишин баалоо үчүн тажрыйбага ээ экендигин, же бул максат үчүн аудитордун экспертине муктаж экендигин аныктоосу менен бирге келиши мүмкүн[16].

A46. Жетекчиликтин экспертинин чөйрөсүнүн аудитордун түшүнүгүнө тиешелүү аспектилери төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Бул эксперттин чөйрөсүндө аудитке тиешелүү адистештирилген чөйрөлөр барбы.
- Кандайдыр бир профессионалдык же башка стандарттар, жана ченемдик же укуктук талаптар колдонулабы.
- Жетекчиликтин эксперти кандай божомолдорду жана методдорду колдонот, жана алар эксперттик чөйрөдө жалпысынан кабыл алынганбы жана финансылык отчеттуулуктун максаттары үчүн ылайыктуубу.
- Ички жана тышкы маалыматтардын же жетекчиликтин эксперти колдонгон маалыматтын мүнөзү.

A47. Ишкана тарабынан жетекчиликтин эксперти жумушка тартылган учурда, адатта ишкана менен эксперттин ортосунда кызматташуу жөнүндө каты же макулдашуунун жазуу жүзүндөгү башка формасы болот. Жетекчиликтин экспертинин иши жөнүндө түшүнүк алууда бул макулдашууну баалоо, аудитордун максаттары үчүн төмөндөгүлөрдүн ылайыктуулугун аныктоодо аудиторго жардам бериши мүмкүн:

- ошол эксперттин ишинин мүнөзү, көлөмү жана максаттары;
- жетекчиликтин жана ошол эксперттин тиешелүү ролдору жана жоопкерчиликтери;
- жетекчилик менен ошол эксперттин ортосундагы байланыштын мүнөзү, убактысы жана көлөмү, анын ичинде ошол эксперт тарабынан берилүүчү ар кандай отчеттун формасы.

---

[16] АЭС 620 “*Аудитордун экспертинин ишин пайдалануу”*, 7-пункт.

ISA

A48. Ишканада жетекчиликтин эксперти жумушка кабыл алынган учурда, мындай түрдөгү жазуу жүзүндөгү макулдашуу болушу мүмкүн эмес. Эксперттин жана жетекчиликтин башка мүчөлөрүнүн суроо-талабы аудитор үчүн керектүү түшүнүктү алуу үчүн эң ылайыктуу жол болушу мүмкүн.

Жетекчиликтин экспертинин ишинин актуалдуулугун баалоо (8(c) пункт)

A49. Тиешелүү ырастоолор үчүн аудитордук далилдер катары жетекчиликтин экспертинин ишинин ылайыктуулугун баалоодо төмөнкүлөр камтылышы мүмкүн:

- эксперттин тыянактарынын же корутундуларынын жөндүүлүгү жана негиздүүлүгү, алардын башка аудитордук далилдер менен шайкештиги жана финансылык отчеттуулукта тийиштүү түрдө чагылдырылгандыгы;
- эгерде ал эксперттин иши олуттуу болжолдоолорду жана методдорду колдонууну камтыса, ал божомолдордун жана методдордун жөндүүлүгү жана негиздүүлүгү; жана
- эгерде ал эксперттин иши баштапкы маалыматтарды олуттуу колдонууну камтыса, анда ал баштапкы маалыматтардын жөндүүлүгү, толуктугу жана аныктыгы.

*Ишкана тарабынан даярдалган жана аудитордун максаттары үчүн колдонулган маалымат* (9(a)–(b)- пункт)

A50. Аудитор ишенимдүү аудитордук далилдерди алуу үчүн, аудитордук жол-жоболорду аткарууда колдонгон, ишкана тарабынан алынган маалымат жетиштүү толук жана так болушу керек. Мисалы, сатуунун көлөмүн эсепке алуу үчүн стандарттык бааларды колдонуу аркылуу кирешени текшерүүнүн натыйжалуулугуна, баа тууралуу маалыматтын тактыгы жана сатуунун көлөмү жөнүндө маалыматтардын толуктугу жана тактыгы таасир этет. Ошол сыяктуу эле, эгерде аудитор жалпы жыйындыны (мисалы, төлөмдөрдү) белгилүү бир мүнөздөмө (мисалы, авторизация) боюнча сынап көрүүгө ниеттенсе, тестирлөө үчүн пункттар тандалып алынган жалпы жыйынды толук болбосо, тесттин натыйжаларынын ишенимдүүлүгү азыраак болот.

A51. Мындай маалыматтын тактыгына жана толуктугуна аудитордук далилдерди алуу, эгерде мындай аудитордук далилдерди алуу аудитордук жол-жобонун өзүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналса, маалыматка карата колдонулган иш жүзүндөгү аудитордук жол-жобо менен бир убакта болушу мүмкүн. Башка учурларда, аудитор мындай маалыматтын тактыгына жана толуктугуна аудитордук далилдерди ошол маалыматты даярдоого жана сактоого контролдукту текшерүү аркылуу алган болушу мүмкүн. Бирок, кээ бир жагдайларда аудитор кошумча аудитордук жол-жоболор керек экендигин аныкташы мүмкүн.

A52. Кээ бир учурларда, аудитор ишкана тарабынан даярдалган маалыматты аудиттин башка максаттары үчүн колдонууга ниеттениши мүмкүн. Мисалы, аудитордун ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн талдоо жол-жоболору үчүн колдонууну, же ишкана тарабынан алынган маалыматты, мисалы, ички аудиттин отчетторун мониторинг жүргүзүү үчүн колдонууну ниет кылышы мүмкүн. Мындай учурларда алынган аудитордук далилдердин актуалдуулугуна маалыматтын максаттары үчүн так же жетиштүү деталдаштырылгандыгы таасир этет. Мисалы, жетекчилик тарабынан колдонулган натыйжалуулук көрсөткүчтөрү олуттуу бурмалоолорду аныктоо үчүн жетиштүү так болбошу мүмкүн.

**Аудитордук далилдерди алуу үчүн тестирлөөгө пункттарды тандоо** (10-пункт)

A53. Натыйжалуу тест, башка аудитордук далилдер менен бирге алынган же алынуучу аудитордун максаттары үчүн жетиштүү боло тургандай деңгээлде тиешелүү аудитордук далилдерди камсыз кылат. Текшерүү үчүн пункттарды тандоодо аудитор 7-пунктка ылайык аудитордук далилдер катары колдонула турган маалыматтын жөндүүлүгүн жана аныктыгын аныктайт; натыйжалуулуктун дагы бир аспектиси (жетиштүүлүгү) текшерүү үчүн пункттарды тандоодо маанилүү фактор болуп саналат. Тестирлөө үчүн пункттарды тандоодо аудиторго жеткиликтүү каражаттар болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) бардык пункттарды тандоо (100% текшерүү);

(b) белгилүү пункттарды тандоо; жана

(c) аудитордук ылгоо.

Бул каражаттардын кайсынысын болбосун же алардын айкалышын колдонуу конкреттүү жагдайларга жараша ылайыктуу болушу мүмкүн, мисалы, сыналып жаткан ырастоо менен байланышкан олуттуу бурмалоо тобокелдиктери жана ар кандай каражаттардын практикалык ыңгайлуулугу жана натыйжалуулугу.

*Бардык пункттарды тандоо*

A54. Аудитор операциялардын классын же эсеп балансын (же ушул жалпы жыйындыдагы катмарды) түзгөн жалпы жыйындыны изилдөө эң ылайыктуу деп чечиши мүмкүн. 100% текшерүү контролдук тесттер болгон учурда күмөндүү; бирок, ал майда-чүйдөсүнө чейин тестирлөө үчүн көбүрөөк таралган. 100% текшерүү төмөнкү учурларда туура болушу мүмкүн, мисалы:

- жалпы жыйынды чоң мааниге ээ болгон аз сандагы нерселерди билдирет;
- олуттуу тобокелдик бар, а башка каражаттар жетиштүү аудитордук далилдерди бербейт; же



ISA

- маалымат системасы тарабынан автоматтык түрдө аткарылуучу эсептөөнүн же башка процесстин кайталануучу мүнөзү экспертизаны 100%га үнөмдүү кылат..

*Конкреттүү пункттарды тандоо*

A55. Аудитор жалпы жыйындынын белгилүү бир пункттарын тандоону чечиши мүмкүн. Бул чечимди кабыл алууда актуалдуу болушу мүмкүн болгон факторлор аудитордун ишкана жөнүндө түшүнүгүн, олуттуу бурмалоолордун бааланган тобокелдиктерин жана тестирленип жаткан жалпы жыйындынын мүнөздөмөлөрүн камтыйт. Белгилүү бир нерселерди байкабай тандап алуу ылгоо менен байланышпаган тобокелдикке дуушар болот. Тандалган өзгөчө пункттар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- *Жогорку баалуулуктагы же негизги пункттар*. Аудитор жалпы жыйындынын белгилүү бир пункттарын тандоону чечиши мүмкүн, анткени алар жогорку баалуулукка ээ же кандайдыр бир башка өзгөчөлүктөргө ээ, мисалы, шектүү, адаттан тышкары, өзгөчө тобокелдикке кабылган же жаңылыштык тарыхы бар.
- *Белгилүү бир өлчөмдөн ашкан бардык пункттар.* Аудитор операциялардын классынын жалпы суммасынын же эсеп балансынын көпчүлүк бөлүгүн текшерүү үчүн жазылган наркы белгилүү бир суммадан ашкан пункттарды текшерүүнү чечиши мүмкүн.
- *Маалымат алуу үчүн пункттар.* Аудитор ишкананын мүнөзү же операциянын мүнөзү сыяктуу маселелер боюнча маалымат алуу үчүн пункттарды текшериши мүмкүн.

A56. Операциялардын классынан же эсеп балансынан конкреттүү пункттарды тандап алуу көбүнчө аудитордук далилдерди алуунун натыйжалуу каражаты болуп саналат, бирок ал аудитордук ылгоону түзбөйт. Ошентип тандалган пункттарга колдонулган аудитордук жол-жоболордун натыйжаларын жалпы жыйындыга болжолдоого болбойт; ошого жараша конкреттүү пункттарды тандап текшерүү жалпы жыйындынын калган бөлүгү үчүн аудитордук далилдерди бербейт.

*Аудитордук ылгоо*

A57. Аудитордук ылгоо андан алынган үлгүнү тестирлөөнүн негизинде бүткүл жалпы жыйынды жөнүндө тыянак чыгарууга боло тургандай кылып иштелип чыккан. Аудитордук ылгоо АЭС 530да талкууланат[17].

**Аудитордук далилдердеги дал келбестик же анын ишенимдүүлүгүнө шектенүү** (11-пунктту караңыз)

[17] АЭС 530 «*Аудитордук ылгоо*»

A58. Ар кандай булактардан же башка мүнөздөгү аудитордук далилдерди алуу, бир булактан алынган аудитордук далилдер башкасынан алынган аудитордук далилдер менен дал келбеген учурда, аудитордук далилдердин айрым пункту ишенимдүү эмес экенин көрсөтүшү мүмкүн. Бул, мисалы, жетекчиликтин, ички аудиторлордун жана башкалардын суроо-талаптарына жооптор карама-каршы келген учурда же жетекчиликтин суроо-талаптарына жоопторду ырастоо үчүн берилген корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын суроо-талаптарына жооптор жетекчиликтин жообуна дал келбеген жагдайлар болушу мүмкүн. Эгерде аудитор олуттуу маселе боюнча аудитордун акыркы корутундусуна карама-каршы келген маалыматты аныктаса, АЭС 230 конкреттүү документтердин талабын камтыйт[18].

[18] АЭС 230 «*Аудитордук документация*», 11-пункт.